**4.21.** Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

**4.22. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, мектептин программаларын, окутуу-усулдук комплекттерин, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук мектеп программасын, окуу китебин, окутуу–усулдук колдонмолорун иштеп чыгуу жана колдонууга;
- Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
- Өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
- Кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
- Өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга;
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- Уставда аныкталган тариздe мектепти башкарууга катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге;

**4.23. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү;**

- Педагогикалык этиканы, мектептин уставын тутууга жана аткарууга;
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого;
- Окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарынын жогору ахлактык сапаттарын тарбиялоого;
- билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келүүгө;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын жогорулатууга;
- окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана мектептин уставы менен мугалимдердин кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.

**4.24.** Педагогикалык жүктүн өлчөмү окуу планы боюнча сааттардын санына, мектептин кадрлар менен камсыздалган жана да иш шарттарына жараша аныкталат.

- Окуу планынын сааттарынын саны азайтылбаса же класстардын саны кыскартылбаса, окуу жылынын башында белгиленген окутуу жүктөмүнүн өлчөмүнүн өлчөмү окуу жылынын ичинде мектептин администрациясынын демилгеси менен бир ставкадан төмөн кыскартылбайт.
- Жаңы окуу жылынын башында окутуу жүгүн белгилөөдө, бул мектеп негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жана окутууну улантуу сакталат.

**4.25.** Мугалимдердин макулдугусуз кесиптик милдеттери жана эмгек келишими менен каралбаган жумуштарга тартууга жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурлардан тышкары, эмгек келишими менен каралбаган жумушту аткарууга мугалимдин каршы болушу аны кызматтан бошотууга негиз боло албайт.